**Бекитемин**

**№17-мектеп директору**

**Омурзакова Д.Т**

**№17 мектеп –гимназиясынын ата-энелер комитети жөнүндө**

**ЖОБО**

(КРнын Билим берүү илим министрлигинин жалпы билим берүү уюмдарында ата-энелер комитети жөнүндөгү типтүү жобонун негизинде)

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Иштелип чыккан ата-энелер комитетинин жобосу ата-энелер чогулушунда талкууланып,мектеп ишке киргизет.

1.2.Ата-энелер комитети мектептики жалпы ата-энелер чогулушунда,ал эми класстын ата-энелер комитети класстык чогулушта каралат.

1.3.Жалпы ата-энелер комитетинин түзүмү 3төн кем эмес ата-энеден туруп,мектеп директору тарабынан бекитилет.

Ал эми класстан ата-энелер комитетинин шайлоо ата-энелер чогулушунда колго салынып,протокол менен чечим чыгарылат.

1.4.Ата-энелер комитеттеринин төрагасы жана анын мүчөлөрү жалпы мектептики 3 жылдык мөөнөткө ал эми класстыкы ата-энелер чогулушунда кабыл алынган чечимге жараша болот.

1.5.Комитеттин иш-аракети КРнын "Балдар жөнүндөгү кодексине"КРнын "Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына",КРнын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү "типтүү жобого жана мектеп тарабынан бекитилген Жобого ылайык иш жүргүзүлөт.

1.6.Комитеттин чечими мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат жана мектеп жетекчилигинин буйругу менен гана милдеттүү катарында ишке ашырылат.

1.7.Комитет мектептин директору менен макулдашылган план жана тартип боюнча иш алып барат.

1.8.Белгиленген маселелер боюнча комитет билим берүү уюмунун атынан иш жүргүзүп,ал докуметтерди билим берүү уюмунун жетекчилиги менен комитеттин төрагасы (төрайымы)кол коюшат.

**2.Ата-энелер комитетин уюштуруунун максаты:**

2.1.Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты чыңдоо бири-бирине болгон ишенимди арттыруу.

2.1.Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты чыңдоо бири-бирине болгон ишенимди арттыруу.

2.2.Окуучуларга билим алууда жана тарбиялоодо ыңгайлуу шарттарга түзүп берүү.

**3.Ата-энелер комитетинин милдеттери:**

3.1.Окуучулардын ата-энелери менен алардын укуктары жана милдеттердин түшүндүрүү үй-бүлөдө баланы тарбиялоо боюнча маалыматтарды жайылтуу,ата-энелерди мектептин окутуу жана тарбиялоо процессине тартуу иштерин жургузушөт.

3.2.Жалпы ата-энелер комитеттерине класстык ата-энелер комитеттеринин ишин координациялайт.

3.3.Жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт.

3.4.Жалпы мектепти жаны окуу жылына даярдоо иштерине катышат.

3.5.Класстык жана жалпы мектептик ата-энелер чогулуштарын уюштурууга көмөктөшөт жана керектүү маалыматтар отчеттор менен тааныштырылат.

3.6.Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ынгайлуулуктарын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенишет.

3.7.Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча мектептин педогогикалык жамааттары менен бирге иш алып барат.

**4.Ата-энелер комитеттеринин укуктары:**

4.1.Мектеп администрациясына тийиштүү сунуштарды киргизүү жана аларды кароонун жыйынтыктары боюнча маалымат алууга;

4.2.Балдардын укугун коргоо боюнча мектеп жетекчилигине же болбосо класс жетекчиге кайрылууга;

4.3.Окуучулардын билим алуусуна сапатын жакшыртууну камсыз кылуучу мектептин материалдык-техникалык жабдуулары боюнча маалымат алууга;

4.4.Жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкулоо иштерине катышууга;

4.5.Үй-бүлөдө балдарын тарбиялоодон баш тарткан же болбосо балдарынын муктаждыктарын камсыз кылбаган ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жургүзүү менен жыйынтыгына жараша коомдук чара колдонуу маселерине катышууга;

4.6.Мектеп турмушуна активдүү катышуу менен жигердүү иш жүргүзүлүп жаткан ата-энелерди сыйлоого;

4.7.Тийиштүү маселелер боюнча педагогикалык кеңештин же башка башкаруу уюмдардын отурмдарына катышууга;

4.8.Күчүндө турган ченемдик –укуктук актыларына ылайык чечимдерди кабыл алууга.

**5.Иш кагаздарын жүргүзүү:**

5,1.Комитет өзунун өткөргөн конференцияларынын отурумдары менен мектептик ата-энелер чогулуштарынын протоколдорун,токтомдорун жүргүзөт.

5.2.Ата-энелер комитетинин иш-планы,тактама-отчеттору,протоколдору мектепте сакталат.

5.3.Комитеттеги иш кагаздарын алып баруу мектеп жетекчилиги менен макулдашылган катчы аркылуу жүргүзүлөт.